КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ТОКТОГУЛ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОКТОГУЛЬСКАЯ
ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

721600 Токтогул ш., Суеркулов көч №1
тел 03747-50029
e-mail: adm14@shailoo.gov.kg;

721600 г. Токтогул ул. Суеркулова №1
тел 03747-500 29
e-mail: adm14@shailoo.gov.kg;

**№ 46. 2024-жыл 21-ноябрь**

**Токтогул шаары.**

**Токтогул районунун Э.Иманалиев
айылынын тургуну №2354
округунан
айылдык кеңешине талапкерлер
А.Д.Бекишовго**

**КОШТОМО КАТ.**

Токтогул аймактык шайлоо комиссиясы сиздин 2024-жылдын 20-ноябрындагы арызыңызга Токтогул райондук ички иштер бөлүмүнүн токтомун жана Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн жөнөтөт.

**Тиркеме тиркелет (5 баракта)**

**Токтогул аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы** **Эргеш уулу Н.**

**Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын**
**ЧЕЧИМ № 49**

**21.11.2024-ж.** **Токтогул шаары**

Отурумга катышкандар:

АШК торагасы: Эргеш уулу Н.
катчысы: Мамытова Б.

Мүчөлөрү:

Б. Жумагулова В.Куттубаева
И.Жанузакова А.Каныбекова
Ж.Мадылбаева Н.Кенжекулов
А.Токталиева А.Эсенова

**Күн тартибиндеги маселе:**

Токтогул райондук ички иштер бөлүмүнүн 21-ноябрь 2024-жылдагы №33-4/5283 жолдомо каты менен келген материалдарды кароо жөнүндө.

2024-жылдын 20-ноябрында Токтогул аймактык шайлоо комиссиясына Э.Иманалиев айылынын тургуну, Э.Иманалиев айылдык кеңешине №2354 окуругунан талапкер А.Д.Бекишов арыз менен кайрылган.

Алсак, арызда көрсөтүлгөндөй №2243 шайлоо округунан талапкер А.А.Койчубаев жана №2354 шайлоо округунан талапкер М.Б.Суранбаева үгүт учурунда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 28-березенин 4-пунктунун талаптарын бузду деп карылган. Токтогул аймактык шайлоо комиссиясы А.Д.Бекишовтун арызын жана көрсөтүлгөн материалдарды мыйзамдуулугун карап чыгуу үчүн Токтогул РИИБнө 2024-жылдын 20-ноябрында чыгыш №43 кат аркылуу кайрылганбыз. 2024-жылдын 21-ноябрында чыг. №33-4/5283 кат аркылуу кат жана токтомун бизге жөнөтү.

Токтомдо жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 28-березенин 4-бөлүгүндө талапкер, алардын жакын туугандары, талапкердин жубайы, талапкердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыялангaнга чейин кайрымдуулук иштерди жүргүзүүгө укуксуз деп көрсөтүлгөн.

Ал эми жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер М.Б. Суранбаева жана А.А. Койчубаев кайрымдуулук көрсөтүп, МБанк тиркемеси аркылуу акча каражатын которгондугу аныкталган.

Андыктан бул фактыда кылмыштын курамы жок болгондуктан кылмыш ишин козгоодон баш тартып, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар кодексинде белгиленген тартипте кароого жатат деп токтом берилди.

Андыктан Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" кодексинин 455-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, шайлоо комиссиялары ушул Кодекстин 60–62, 64–69-беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт деп көрсөтүлгөн.

Ошондуктан Токтогул аймактык шайлоо комиссиясы аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартууга укуктуу.

Талапкер М.Б. Суранбаева жана А.А. Койчубаев жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 28-березенин 4-бөлүгүн бузандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" кодексинин 65-беренесинде каралган.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" кодексинин 455-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын

Мыйзамынын 20-21-беренелерин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №41 токтому менен бекитилген “Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Токтогул аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Э.Иманалиев кеңешине талапкерлер М.Б. Суранбаева жана А.А. Койчубаев Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” кодексинин 65-беренесине ылайык, 7 500 сом өлчөмүндө айып пул салынсын.

2. Чечимдин көчүрмөсү БШКсынын Токтогул аймактык шайлоо комиссиясындагы атайын өкүлү, А.Б.Ажыкановко жөнөтүлсүн протокол түзүлүп ыкчам жөнөтүлсүн.

3. Бул чечимдин көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

4. Чечимдин аткарылышын камсыз кылуу жагы Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Б. Мамытовага жүктөлсүн.

Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы — Эргеш уулу Н.

Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы — Мамытова Б.

02-046-2024-001481-01-001-

Документ подготовлен в АИС "ЕРП"

# **ТОКТОМ** / ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү** / об отказе в возбуждении уголовного дела

Токтогул шаары

21.11.2024-ж.г.

Токтогул РИИБдин Тергоо кызматынын тергоочусу милициянын майору Молдодосов Ж.М., Бишкек ШИИБдин МЭЖна 02-046-2024-001481 саны менен катталган материалын карап чыгып, томондогулорду,

## **АНЫКТАДЫМ** / УСТАНОВИЛ:

2024-жылдын 20-ноябрь куну Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын торагасы Н. Эргеш уулу Токтогул РИИБно 43 сандуу отунуч кат менен кайрылып, анда: Токтогул районунун “Кызыл-Жылдыз” шайло участкасынан жергиликтуу кенештин депутаттыгына талапкер Суранбаева Миргул Букардиновна жана Койчубаев Азизбек Алыбекович КРнын жергиликтуу кенештин депутаттарын шайлоо жонундо мыйзамынын 28-бер. 4-пунктунун талаптарын бузду деп эсептеп, жогорудагы ата аталган талапкерлерге карата мыйзам чегинде чара коруп беруунү отунгон, Токтогул райондук Кызыл-Жылдыз шайлоо участкасынан жергиликтуу кенештин депутаттыгына талапкер Бекишов Абдыбек Дуйшебековичтин арызын мыйзам чегинде карап беруу учун жиберген.

Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынан келип тушкон материал, 2024-жылдын 20-ноябрында Токтогул РИИБдин МЭЖна 02 046-2024-001481 саны менен каттальп, тергоого чейинки текшеруунун журушундо томонкулор аныкталган.

Кубо, Койчубав Азизбек Алыбекович томондогучо корсотмо берген: Окуя боюнча айтсам, 2024-жылдын 17-сентябрынан баштап №2243 шайлоо участогуна депутаттыкка талапкер катары оз кандидатурамды койгонмун. 2024-жылдын 17-ноябрь куну Э. Иманалиев айылынын №2243 шайлоо участогунан 291 шайлоочу алып, депутаттыкка оттум. Мен 2024-жылдын 05-ноябрында МБанк тиркемеси аркылуу Кубанычбекке 800 (сегиз жуз) сом акча котргондугум анык, себеби аталган жараандын кайын апасы Чакыралиева Анара Жамгырчиевна видео кайрылуу жасап, анда боор оорусунан жабыр тартып жаткандыгын корсотуп, операцияга коп акча талап кылынгандыктан элден жардам сурап кайрылган, ал видео биздин айылдын группасына келип тушкон, ошондуктан мен Чакыралиева Анара аттуу эжеге башка элдер катары эле жардам корсотуу максатында жогорудагы корсотулгон 800 сом акчаны которгом. Бул жерде ал эженин шайлоого эч кандай тиешеси жок. Ал эже Бишкек шаарында турат, ошол жакта жашайт, болгону Анара эже биздин айылда туулуп оскондуктон,

анын жардам сурап кайрылган, кайрылуусу боюнча кана бергенмин деп,-корсоткон.

Кубо, Суранбаева Миргул Букардиновна томондогучо корсотмо берген: Окуя боюнча айтсам, 2024-жылдын 17-сентябрынан баштап №2354 шайлоо участогуна депутаттыкка талапкер катары оз кандидатурамды койгонмун. 2024-жылдын 17-ноябрь куну Э. Иманалиев айылынын "Кызыл-Жылдыз" №2254 шайлоо участогунан 283 шайлоочу алып, депутаттыкка оттум. Мен 2024-жылдын 08-ноябрында МБанк тиркемеси аркылуу Кубанычбекке мени менен бирге мектепте чогу иштеген Жамалова Калия аттуу эженин карточкасынан 400 (торт жуз) сом акча которткондугум анык, себеби биздин айылда туулуп оскон Чакыралиева Анара Жамгырчиевна видео кайрылуу жасап. анда боор оорусунан жабыр тартып жаткандыгын корсотуп, операцияга коп акча талап кылынгандыктан элден жардам сурап кайрылган, ал видео биздин айылдын группасына келип тушкон, ошондуктан мен Чакыралиева Анара аттуу кызга башка элдер катары эле жардам корсотуу максатында жогорудагы корсотулгон 400 сом акчаны Калия аттуу эженин атынан которгом. Бул жерде ооруп жаткан Анара аттуу кыздын эч кандай тиешеси жок. Ооруп жаткан Анара Бишкек шаарында турат, ошол жакта жашайт, болгону Анара биздин айылда туулуп оскондуктон, анын жардам сурап кайрылган, кайрылуусу боюнча кана бергенмин деп,-корсоткон.

Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо мыйзамынын 28-бер. 4-бол. талапкерлер, алардын жакын туугандары, талапкердин жубайы, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыялангнга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз деп корсотулгон.

Ал эми жергиликтуу кенештин депутаттыгына талапкер Суранбаева Миргул Букардиновна жана Койчубав Азизбек Алыбекович кайрымдуулук корсотуп, МБанк тиркемеси аркылуу акча каражатын ооруп жаткан Чакыралиева Анара Жамгырчиевнанын реквизитине которгондугу аныкталган.

Андыктан бул фактыда кылмыштын курамы жок болгондуктан, кылмыш ишин козгоодон баш тартып, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар кодексинде белгиленген тартипте короого жатат деп эсептеймин.

**Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-болумүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып** / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики.

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ / ПОСТАНОВИЛ:

1.Токтогул РИИБдин МЭЖне 02-046-2024-001481 сандуу болуп катталган материал боюнча, кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын.

2.02-046-2024-001481 сандуу материал, КРнын бузуулар кодексинде белгиленген тартипте кароо учун, Токтогул аймактык шайлоо

комиссиясына токтомдун кочурмосу жиберилсин.

3.Кабыл алынган чечим менен кызыккан тараптар тааныштырылып, укук милдеттери тушундурулсун.

4.Токтомдун кочурмосу Токтогул райондук прокуроруна маалымат иретинде жиберилсин.

**Тергоочу** **Молдодосов Ж. М.**